**Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин Аксы колледжинин окутуучусу Наркеев Сапарбек Анарбековичтин 07.00.07 адистиги боюнча "Элдик оозэки чыгармалар –орус колониализмн боюнча тарыхый булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)" деген темасынын илимий жетекчиси т.и.д. проф. О. Каратаевдин докторлук (кандидаттык) диссертацияга**

## ПИКИРИ

Наркеев Сапарбектин жазган эмгегинин биринчи бап Кыргызстандын аймагында Россия падышачылыгынын жүүргүзгөн саясаты- элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын изилдөөнүн тарыхнаамасы, тарыхый булактаануусу жана изилдөө ыкмалары деп аталып, эки параграфтан турат. Биринчи параграф Россия падышачылыгынын колониалдык саясаты кыргыз элдик оозеки чыграмаларында чагылдырылышын изилдөөнүн тарыхнаамасы жана тарыхый булактары мында орус падышалык бийлигинин доору туралуу жазылган тарыхый элдик ооеки чыгармалар мында негизинен заманис акындардын чыгармаларына токтолуп, алардын ырларына анализ берилген, ошондой падышалык бийликтин доорундагы орус саякатчыларынын эмгектери туралуу пикирлер жазылган. Ал эми орус колониалдык саясатынын элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын совет доорундагы изилдениши деген параграфта негизинен совет доорундагы элдик ооеки чыгармаларды анализдеп, изилдеген окумуштуулардын эмгектерине анализ берилген, андагы кыргыз тарыхына бир кылка ойлор айтылышы керек деген чектөөлөр болгонун анализдеген. Ошондой эле экинчи бап Элдик оозеки чыгармаларда азаттык идеясынын калыптанышы жана өнүгүшү деп аталып, экинчи баптын биринчи параграфы XIX жана XX кк башындагы элдик оозеки чыгармаларда орус колониализминин чагылдырылышы деп аталып, мында орус падышалык доорундагы кыргы элинин алгачкы кыргыз орус байланыштарын , Атаке бийди элдик малыматтаргакараганда Анжиандын аймагында Тынай арыгы бар, анткени Тынай Атаке бийдин ата теги болгон, ал арыкты кээде эл (сарттар Асаке деп аташат),

Омбудан орус обдулуп,
Достошууга кол сунган,
Кыргыздын түзүп хандыгын,
Хан Ормон элим деп турган[ VI.19.21]. - деп айтылып калгандыгын анализдеген жана тарыхый булактар менен элдик маалыматтарды салыштырган.

Ошондой эле орус келгиндеринин кыргыз жерине келиши туралуу тарыхый маалыматтарды элдик оозеки маалыматтар менен салыштырган, маселен:

Россия падышалыгы Омбудан келишип кыргыздар менен мамилени бекемдегенге чон аракеттерди жасаган. Ал эми Ормон хан Нүзүп бийдин бийлиги кулагандан кийин, кайрадан кыргыз хандыгын тикелөө максатында Ормон хан да кыргыз элинин урууларынын башын бириктирүүгө жана орус бийлиги менен бир нече ирет сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө аракет кылган. кыргыздар андагы келгиндердин келиши, карама-каршылыктар, экономикадагы, айыл чарбасындагы озгоруулор турасында акын заманисттердин жана Россия падышалыгынын жергиликтүү элге карата жүргүзгөн саясаты элдик оозеки чыгармаларда баяндалышы деп аталып, мында элибиздин диндик билимдери туралуу жана базар мамилелери, коомдун озгорушу туралуу ойлор камтылган. . Орус келгиндери кыргыздын ар бир сөзүнө ишенимдүү мамиле жасарын ырда кабарлоодо.

Таарыткан менен жеринди,
Тындырып койду жайына,
Арзан баа кылды эгинди.
Чабышып жаткан элинди-[V.22. 61] дейт акын.

Молдо Кылыч айткандай, эгиндин мол эгилип, буудайдын, дандын арзан болгондугу жана чабышып жаткан элдин тынч жашай баштагандыгы- бул тарыхый

чындык экенин кабарлайт. Ошол эле учурда орус оторчуларынын дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерди тартып алганы эле болбосо, жергиликтүү элге мыйзам ченеминде мамиле жасоого аракет жасаганын жана уруулук чабыштар токтоп калганын акын Молдо Кылыч кабарлаган деп акындын ырларына анализ берген, уруулук чабыштар токтогонун ал эми 1869-жылы кыргыз жерине келген Радлов сарыбагыштар менен солтолор орустарга баш ийгенине 5 жыл болгондо барып, ал жерден бейпилдикти байкаган. Ал эми тайманбас Алай кыргыздарын орус бийлиги куралдын күчү менен гана баш ийдирди. Ал эми Абдылдабек сыяктуу эр азаматтар кыргыз жерин, элин сүйгөн, эркиндигин туу туткан, кыргыз элинин чыныгы патриоту экенин көрсөттү. Кыргыздар орус падышасынын колониалдык басып алуучулук саясатына каршы турушканын Ормон хан, Үмөталы, Чаргын, Балбай жана Осмондор падышанын бийлигин таанылгысы келбегендер, алар кыргыз элинин орус бийлигине каршы турган кол башчысы да болгон, бирок кыргыздар аргасыздан падышанын бийлигине баш ийгенин элдик ырлар тастыктады. Ал эми Атаке, Боромбай жана Шабдандар орус бийлигин кырдаалга жараша ыктыярдуу колдошконун элдик ырлар так баяндаган маалыматтар менен ырастаган. Ошондой эле падышалык россиянын колониалдык саясаты тууралуу, орус падышасынын колониалдык саясатына Алымбек датка, Алымкул аталык, Осмон, Үмөталы сыяктуулар кыргыз мамлекеттүүлүгүн сактап калууну көздөп, падышалык бийликке ачыктан ачык каршы турду жана алар элди, жердин шартына, жашоо ыңгайына жараша коргогон. Ал эми падышалык бийлик кыргыз жерлерин, элин салтына, динине карабастан куралдын күчү менен басып алгандыгын, айрыкча түштүк кыргыз жерлерин каратып алууда каршылыктар курч болгонун элдик маалыматтардын жана Молдо Нияздын ырлары менен ырастаган. Көтөрүлүштүн мезгилинде Фергана өрөөнүндөгү кыргыздар Кудаярдын бийлигин кулатууну жана хандыкта кыргыздын чыныгы, адилет хандыгын, мамлекетин түзүүнү көздөгөн жана ишке ашырууну пландаштырган. Бирок кыргыз эли падышалык бийликти аргасыздан тааныгандыгын элдик маалыматтар менен тастыктоого аракеттенген. Бул 1873-1876-жылдагы элдик көтөрүлүш кыргыздардын майтарылбас эрдиги менен башталып, кыргыздардын эркиндик, патриоттук эркинин сынбастыгын далилдады, кыргыздар кокондук бийликтин монархиялык мураскорлук эрежесине түбөлүккө каршы чыгуу идеясын Орто Азия чөлкөмүндө алгачкылардан жар салып, баштап чыкты.

Орус падышасынын бийлигинин адилетсиздигин, баскынчылыгын кыргыз элинин Алымбек датка, Алымкул аталык сыяктуулардын эркиндик, жер сүйүү сезимдерин Мамыр Мерген, Момун Шамурзак уулу жана Исхак, Курманжан датка жана анын уулу Абдылдабек сыяктуу инсандар улантышты жана кыргыз элинде бирдиктүү эл, мамлекет, азаттык идеясын жаратып кетишти. Ал эми анжиан кыргыздарынын азаттыкка тумтулуусу тууралуу маалыматтар Токтогул акындын ырларында Мадали эшендин айткан сөзүнө ишенип, кордук көргөнүн айтуу менен бирге эле орус аскери менен болгон кармаш жөнүндө:

Ак эшен ачкан урушта….
Алты жүз киши атылды…..

Анжандык кыргыздардын көтөрүлүшү туралуу тарых булактарына караганда, бул топто 800 адамга жетип, алардын 600ү жөө, 250сү атчан болгонун тарых булактары ырастаса, ал эми Токтогул акын ырларында чамасы өзү катышкан 600 адамдын санын, андагы орус аскерлери тарабынан атылган элдин абалы, адамдын каны селдей агылды деп так айтып жатат. Ал эми 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылынын элдик маалыматтарда чагылышы туралуу пикирин элдик оозеки чыгармалар аркылуу тактоого бир топ аракеттерди жасаган, ал пикирлерине назар салсак, анда:

Бул күрөштө элдин хан шайлоосу кыргыз мамлекетин кайра жандандыруунун формасы катары кароо керек экендигин кабарлайт. Алар башында чачкын болуп кийин уюмдашып, Кыргыз элинин ата журту, мамлекеттүүлүк, жер, элдин биримдиги үчүн күрөш жүргүзгөн.

Орус падышасынын отордук, дискриминациялык саясатына жана орус-казак жазалоочу отрядына каршы багытталгандыгын элдик ырлар менен ырастайт.Ал эми улутубуздун ичиндеги бай манаптардын ички феодалдык саясатына каршы күрөш болгон, бирок кыргыздын жакшылары да колонисттердин алдында алсыз экендигин билгендиктен эл тарабына өткөн. Элибиз кайсы бир деңгээлде Кыргызстаныбыздын бардык аймактарындагы кыргыздар орус бийлигине каршы бир убакта көтөрүлүшкө чыгууга аракеттенген, маалыматтын жетишсиздиги жана жолдун ыңгайсыз абалынан элибиз биригип күрөшө албады. Бирок элди биригүүгө чакырды, ынтымак менен гана душманды жеңсе болот деген идея, улуттук аң сезим эл арасында калыптана баштады.

Элдин жеринен ажыроосу, улуттун азаматтарынын камакка алынышы, Улуттун табигый өзүн-өзү сактоо инстинктинин жаралышы жана улуттук аң-сезимдин ойгонушуна шарт жараткан. Улутту улуттун азаматтары гана сактап каларын орус оторчулары билип туруп, алардан кутулуунун жолун ар дайым издеп келди, аларды дарга асты, сүргүнгө айдады. Бирок эл ата-бабадан калган мамлекетти башкаруунун атрибуттарын калыбына келтирүүгө аракеттерди жасады. 1916-жылдагы көтөрүлүш 20- кылымдын башындагы кыргыз элинин басып өткөн тарыхындагы эң, белгилүү жана кайгылуу элдик боштондукка чыгуу күрөшү жана 1898-жылдагы көтөрүлүштүн, деги эле XIX- кылымдын 1873-76 жана 1898-жылдардагы көтөрүлүштүн жаңы мазмундагы формасы, башкача айтканда, мекенчил «кыргыздардын» эркиндик күрөшү катары кабыл алууга болот. Алар бизге жердин, элдин эркиндигинин, улуулугун даназалашты жана азаттыкка көнгөн элдин улутгук рухунун пассионардуулугун калтырды.Эмгек негизинен аягында корутундулардан жана адабияттардан, маалымат беренелерден турат. Диссертант катары эмгегинде элдик оозеки чыгармаларды колдонгон, аларга тарыхый анализ берген, дагы да толуктоо зарылдыгын баса белгиледик, коргоого уруксат берсе болот.

Пикирди жазган,
теманын жектечиси: т.и.доктору: Каратаев О.К.